КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

ШАЙЫБЕК АТА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ШАЙЫБЕК АТА

## Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезектеги V-сессиясы
## Токтом №59

**19.03.2025-жыл** **Чон-Сары-Ой айылы**

### Кара-Ой айылында жайгашкан "Рохат НБУ" пансионатынын аянты 1,94 га болгон сейил бактык-пляждык зонасын жана аянты 0,5542 га болгон жалпы курорттук бульварын муниципалдык башкарууга алуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 мыйзамынын 34-беренесинин, Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясы башчысы-акимдин биринчи орун басары Н.Эсенгелди уулунун 25.02.2025-жылдагы №01-8/868 каты жана Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары-жооптуу катчысы Н Исанаеванын 26.02.2025-жылдагы №75 катын карап талкуулап чыгып Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Шайыбек ата айыл аймагында жайгашкан "Рохат НБУ" пансионатынын аянты 1,94 га болгон сейил бактык-пляждык зонасын жана аянты 0,5542 га болгон жалпы курорттук бульварын муниципалдык башкарууга алынсын
2. Токтомдун аткарылышы Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы У.Абдырахмановко Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн юристи Ж.Жанузаковго жана жер адистери М.Абдыкадыровго, У.Каировго тапшырылсын.
3. Токтомду каттоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн облустук Юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин «Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү» жана "Жер агрардык реформа кайра иштетүү өнөр-жай, курулуш, байланыш, транспорт, отун-энергетика боюнча" туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **Т.Туйгунов**

*Г.Ормукова: Жиберилди: иш кагазына-1, айыл Өкмөтү-1, РМА-1 мин юст баш-2.*